# Техникалык тапшырма

Кыргыз тилин **эне тил  жана экинчи тил** катары окуу китебинин авторлору (түзүүчүлөрү) үчүн сынак

(1–12-класстар)

**Иштеп чыккан:** КР Агартуу министрлигине караштуу

«“Окуу китеби” басма үйү» мамлекеттик мекемеси

**Дата:** 9-февраль, 2026-жыл

**1. Жалпы маалымат**

**Сынакты уюштуруучу:**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги КР Агартуу министрлигинин алдындагы «“Окуу китеби” басма үйү» мамлекеттик мекемеси менен биргеликте.

**Сынактын предмети:**

Кыргыз тилин эне тил жана экинчи тил катары окутуу боюнча окуу китептеринин авторлорун (түзүүчүлөрдү) тандоо сынагы (эне тил катары 1–12-класстар; экинчи тил катары 1–12-класстар үчүн).

**2. Сынактын максаты:**

Квалификациялуу жана креативдүү авторлорду тартуу (авторлорду тандоо), алар кыргыз тилин (эне тил жана экинчи тил катары) окутуу боюнча бардык класстар үчүн жаңы муундагы кол жазмаларды даярдай алышы керек, бул кол жазмалар мамлекеттик билим берүү стандарттарына (МБС) жана предметтик стандарттарга (ПС) жооп бериши зарыл. Ошондой эле алар өлкөдөгү жана дүйнөдөгү эң жакшы тажрыйбаларды интеграциялап, этномаданий аспектке жана заманбап методикалык ыкмаларга басым жасалышы зарыл.

**3. Жумуштун көлөмү:**

- Автордук кол жазмаларды иштеп чыгуу мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарга шайкеш келиши керек (тексттер, көнүгүүлөр, усулдук сунуштар, адабий тексттер);
- Материалдарды электрондук форматта даярдап, сунуштоо керек – Microsoft Word (.doc) же LibreOffice Writer (.odt);
- Бөлүмдөр структураланган болушу керек: грамматика, орфография, лексика, кеп маданияты, адабият, долбоорлор;
- Окуу китебине атайын роликтерди жана мультимедиалык материалдарды даярдоо (кыскача видеосабактар, иллюстрациялык сюжеттер, туура сүйлөөгө машыгуу үчүн аудио материалдар);
- Кол жазмалар боюнча жумушчу топ менен бирге иш алып баруу;
- Экспертизанын жыйынтыгы менен талкуу жана кемчиликтерди түзөтүү процессине катышуу;
- Автордун окуу китеби басмадан чыкканга чейинки процесске толук катышуусу.

**4. Талапкерлерге коюлган талап:**

**4.1 Сөзсүз аткарылуучу талаптар:**

- Жогорку филологиялык же педагогикалык билими болушу керек (“Кыргыз тили жана кыргыз адабияты” адистиги же ага жакын адистиктер).
- Кыргыз тилин эне тил жана экинчи тил катары окутуудагы 3 жылдан ашык тажрыйба же жеке публикациялары/окуу материалдары болушу шарт.
- Кыргыз тилин эне тил жана экинчи тил катары окутууда Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жана предметтик стандарттарды билүүсү.

- Командалык жумушка даяр болуу, мөөнөтүнөн кечиктирбөө жана экспертизанын жыйынтыгы менен оңдоо-түзөөлөрдү киргизүүгө даяр болуу.
- Заманбап педагогикалык усулдарды билүү: кыргыз тилинде баарлашуу, практикалык тапшырмаларды аткаруу, предмет менен тилди интеграциялоо аркылуу үйрөтүү.

**4.2 Артыкчылыктуу талаптар:**

- Окуу китептерин, усулдук колдонмолорду, мультимедиалык же санариптик билим берүү ресурстарын иштеп чыгуудагы тажрыйба;
- Эл аралык программалар же чет элдик окуу-усулдук комплекстерин эне тилге адаптациялоодогу тажрыйба;
- Жумшак методология көндүмдөрүн колдонуу (спринттер, командалык жумуш, тапшырмаларды бөлүштүрүү);
- Мультимедиа, долбоордук усулдар, геймификация жана заманбап санариптик инструменттерди интеграциялоо жөндөмү;
- Кошумча артыкчылыктар: публикациялар, сыйлыктар, сынактарга катышуу, эксперттик ишмердүүлүк, илимий изилдөөлөр;
- Чет тилдерди билүүсү (сертификаттын, дипломдун болушу).

**5. Тандоо критерийлери:**

Талапкерлерди тандоо **бир этап менен** өтөт.

Сынакка катышуучулар атайын берилген тапшырманы аткарып келүүгө тийиш.

**Тапшырманын мазмуну:**

***Талапкер өзү тандаган класстын каалаган темасын алып, окуу китебине ылайыкталган бир сабактын иштелмесин түзүп чыгууга тийиш. Ал өзү түзгөн иштелмени 10 мүнөттүн ичинде көз карандысыз калыстар тобунун алдында презентациялайт.***

Сынактын катышуучулары документтерди жана материалдардын толук пакетин тапшырат.

Электрондук формага өтүү үчүн шилтеме төмөндө берилет:

- https://kitepkura.edu.kg

- https://docs.google.com/forms/d/e/1FAIpQLSeo1RZvQKl7s9svOZtS_OWXaBy04wiImdH7so-1-UWoQdyUhw/viewform

Ошондой эле **документтердин пакетин жеке тапшырууга болот,** дареги: Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257. 2-кабат, 202-кабинет.

**Мөөнөтү:**

**2026-жылдын 10–28-февралы:** документтер тапшырылып, иштелмелер түзүлүп бүтүшү керек. **2026-жылдын 10–11-марты:** сынак тапшыруу.

Сынак Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин имаратында, 2-кабаттагы конференц-залда өтөт.

Дареги: Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257.

**Комиссиянын курамы жана иши:**

Сынакты өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги менен «"Окуу китеби" басма үйү» мамлекеттик мекемеси ортосундагы буйрук менен бекитилген конкурстук комиссия түзүлөт.

Комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, "Окуу китеби" басма үйү" мамлекеттик мекемесинин, Кыргыз билим берүү академиясынын өкүлдөрү жана педагогика, филология жана санариптик билим берүү тармагындагы көз карандысыз эксперттер, мамлекеттик тилди жайылтууда салым кошкон өкүлдөр, китеп басып чыгарууда мол тажрыйбасы бар эксперттер, дизайнерлер, редакторлор ж.б. кирет.

Комиссиянын курамы, анын иш тартиби, жыйындар протоколдору жана баалоо критерийлери Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин расмий сайтында жана «"Окуу китеби" басма үйү» мамлекеттик мекемесинин сайтында арыздарды карап баштаганга чейин, кеминде **5 жумушчу күн калганда** жарыяланышы керек.

Комиссиянын чечимдери протокол менен бекитилип, бардык катышкан мүчөлөр тарабынан кол коюлат. Протоколдор жана катышуучулардын акыркы рейтинги конкурстун ачыктыгын жана шайкештигин камсыз кылуу үчүн жарыяланат.

**Жеке маалыматты коргоо саясаты жана персоналдык маалыматтарды иштетүү**

Талапкерлер тарабынан берилген персоналдык маалыматтар (паспорттун сканери, резюме жана башка документтер) конкурсту өткөрүү жана жеңүүчүлөр менен келишимдерди түзүү максатында гана колдонулат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жеке маалыматтар жашыруун болот. Берилген маалыматтар конкурс аяктап, милдеттер аткарылган соң белгиленген тартипте архивде сакталат. Арыз берүү талапкердин персоналдык маалыматтарды иштетүүгө жана сактоого макулдугун билдирет.

**Тандоо форматы**

**Сынакка катышуучулар белгиленген күнү** комиссия менен баарлашууга жана презентацияга чакырылат.

- **Презентация**: талапкер оозеки түрдө (же слайддарды колдонуу менен) өзү тандаган класстын каалаган темасында жаңы муундун окуу китебине ылайыктап түзүп чыккан бир сабактын иштелмесин көз карандысыз калыстар тобунун алдында презентациялайт (10 мүнөткө чейин).
- **Баарлашуу**: комиссия методика, КББА стандарттары, креативдүүлүк жана талапкердин тажрыйбасы боюнча суроолорду берет.

**Баалоо критерийлери (максималдуу – 100 балл; минималдуу – 70 балл)**

| № | Бөлүк | Талапкер эмне тапшырат | Калыстар эмнени баалайт | Балл |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Жаңы муундун окуу китебинин идеясы | Окуу китебине болгон көз карашы, негизги өзгөчөлүктөрү | Концепциянын тактыгы, логикасы | **15** |
| **2** | Бир сабактын иштелмеси | Сабактын максаты, этаптары, тапшырмалары | Методикалык деңгээл, түзүлүш | **15** |
| **3** | Креативдүүлүк | Креативдүү, стандарттан тыш тапшырмалар | Жаңычылдык, кызыктуу түзүлүшү | **15** |
| **4** | Санариптик жана мультимедиа каражаттар | Видео, интерактив, санариптик инструменттер | Максатка ылайыктуулугу, пайдалуулугу | **15** |
| **5** | Презентация | 8–10 слайд, визуалдык түшүндүрмө | Түшүнүктүүлүк, тактык | **10** |
| **6** | Калыстардын суроолоруна жооп берүү | Оозеки жооптор | Компетенттүүлүк, мотивация | **10** |
| **7** | Билими | Дипломдор, квалификациясы | Адистикке шайкештиги | **15** |
| **8** | Иш тажрыйбасы | Эмгек жолу, иш стажы | Тажрыйбанын актуалдуулугу | **10** |
| **9** | Паспорт | Жеке документ | Формалдуу талап | **Бал берилбейт** |
| **10** | Резюме | Кыскача маалымат | Формалдуу талап | **Бал берилбейт** |

**Баалоо критерийлери:**

• мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарына шайкеш келүүсү.

• Структуранын тактыгы, методикалык баалуулугу, жаш куракка ылайыктуулугу.

• Креативдүүлүк, инновациялык элементтердин болушу.

• Мультимедиа жана интерактивдүү чечимдерди интеграциялоо.

• Тилдик сабаттуулук жана материалдардын оригиналдуулугу.

**Сынактан өтүү үчүн максималдуу балл:** 100 балл.

Сынактан өтпөгөн талапкерлер электрондук почта аркылуу документтерди тапшыруу учурунда көрсөтүлгөн дарекке кабарланат. Конкурстун жыйынтыгы боюнча катышуучулардын акыркы рейтинги түзүлүп, жеңүүчүлөр менен келишимдерди түзүү боюнча чечим кабыл алынат.

**6. Кол жазмаларга болгон укуктар:**

• Бардык эксклюзивдик мүлк укуктары, кабыл алуу жана өткөрүү акттарына кол коюлган соң, бардык материалдар буюртмачыга – «“Окуу китеби” басма үйү» мамлекеттик мекемесине өтөт.

• Буюртмачы төмөнкүлөрдү жасоого укуктуу: кол жазмаларды жарыялоо, кайра иштеп чыгуу, адаптациялоо, башка тилдерге которуу, башка материалдар менен интеграциялоо, тираждоо жана таратуу.

• Автор – автор катары аталууга укуктуу, бирок Буюртмачынын жазуу жүзүндөгү уруксатысыз кол жазмаларды башка тараптарга өткөрүүгө же жарыялоого укугу жок.

• Автор кол жазмасынын оригиналдуулугун жана үчүнчү жактардын укуктарын сактоону кепилдейт.

**7. Кол жазмалардын сапатына болгон критерийлер:**

Кол жазмаларды кабыл алуу учурунда жумушчу топ жана эксперттер төмөнкүлөрдү текшеришет:

- МБС жана Кыргыз билим берүү академиясы предметтик стандарттарына ылайыктуулугу.
- Окуучулардын жаш курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуулугу.
- Материалдын структуралык түзүлүшү жана логикасы.
- Тилдик сабаттуулук, адабий лексика, каталардын жоктугу.
- Чыгармачыл багыттагы тапшырмалардын жана долбоордук тапшырмалардын болушу жана сапаты.
- Мультимедиалык материалдардын интеграциясы (роликтердин сценарийлери, аудио, видео).
- Материалдардын оригиналдуулугу, плагиаттын жоктугу.
- Методикалык баалуулук (жамааттык деңгээлдеги тапшырмалар, дифференцияланган ыкма).
- Тариздөө жана тапшырма берүү боюнча талаптарга ылайыктуулук (шрифт, формат, шилтемелер, QR-коддор).
- Материалдарда жашыл көндүмдөрдүн сакталышы.
- Материалдарда илимий таанымдын тиешелүү тармагындагы (билим берүү тармагындагы), анын ичинде туруктуу өнүктүрүү концепциясына карата илимдин жана техниканын, технологиянын алдыңкы жетишкендиктери жөнүндө ишенимдүү, заманбап жана жалпыга таанылган фактыларды жана маалыматтардын камтылышы.
- Окуу китебинин (ОМКнын) түзүлүшү, системалуулугу, мазмунунун ырааттуулугу;
  - предмет ичинде ырааттуулукту камсыз кылуу, ошондой эле бир же бир нече билим берүү чөйрөсүнүн предметтеринин алкагында предметтер аралык байланыштардын ишке ашырылышы;
  - материалдарда коомдо социалдык маанилүү жүрүм-турум көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн окуучулардын жаңы нерселерди табууга, үйрөнүүгө, өзүнө, башка адамдарга, курчап турган дүйнөгө аң-сезимдүү эмоционалдык позитивдүү мамиле жасоого болгон кызыгуусун колдоо жана өнүктүрүү үчүн методикалык инструменттердин натыйжалуулугу;
  - предметтик стандартта берилген жалпы концепциянын негизинде ОМКнын бардык компоненттеринин (окуу китеби, методикалык колдонмо жана иш дептери) өз ара байланышынын камсыз кылынышы.

- окуу китебинин (ОМК) мазмунунда терс стереотиптерди жаратуучу, адамдарды жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча тикелей жана кыйыр басмырлоого өбөлгө түзүүчү тексттердин жана иллюстрациялардын болбошу;
- окуу китебинин (ОМК) мазмунунда Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген, укуктук мамлекеттин светтик, демократиялык баалуулуктарын четке каккан же ата-энени, үй-бүлөнү, коомду жана анын институттарын сыйлабоону калыптандырган, улуттар аралык, диндер аралык сабырсыздыкка, гендердик теңсиздикке, коомго каршы адеп-ахлаксыз жүрүм-турумга, зомбулук жана башка укукка каршы аракеттерди жасоого түрткү берген маалыматтардын болбошу;
- окуу китебинин (ОМК) мазмуну окуу предметинин мазмунунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен МББСда аныкталган баалуулук дөөлөттөрүн калыптандырууга түрткү бериши (Ата Мекенди сүйүү, улуттук салттарды урматтоо жана Кыргызстандын маданий жана табигый байлыгына аяр мамиле кылуу, негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, эркиндиктин адеп-ахлактык маанисин жоопкерчилик менен ажырагыс байланышта түшүнүү, жеке тандоону жасай билүү жана коргой билүү, социалдык, саясий жана маданий турмуштагы толеранттуу жүрүм-турум үчүн негиз катары маданияттардын көп түрдүүлүгүнүн баалуулугун аңдап билүү жана кабыл алуу, өз эне тили жана маданияты менен катар бир эле мезгилде өз өлкөсүнүн жана дүйнө элдеринин маданий, руханий баалуулуктарын өздөштүрүү, өзүн-өзү сыйлоо жана инсандык потенциалды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү, азыркы социалдык-экономикалык шарттарда жеке бакубаттуулукту камсыз кылуучу жигердүү эмгектенүүгө даяр болуу; туруктуу өнүгүү принциптерин карману, техниканын жана технологиялардын өнүгүшүнүн социалдык жана экологиялык кесепеттерин, коопсуз жана сергек жашоо мүнөзүнүн ченемдерин сактоо);
- окуу китебинин, ОМКнын, окуу куралынын мазмуну социалдык инклюзия боюнча материалдарды, анын ичинде этномаданий жана диний көп түрдүүлүк маселелерин, ошондой эле өзгөчө муктаждыгы бар адамдардын көйгөйлөрүн жана адам укуктарын сактоо маселелерин камтышы.

- Окуу китебинин (ОМК) мазмуну улуттук колоритти, баалуулуктарды (Улуттук нарк, Кыргыз жараны, Уңгу жолду ж.б. КР Президентинин Жарлыктарын) эске алуу менен иштелип чыгышы.
- Материалдын жеткиликтүүлүгү жана альтернативдик жолдор: ар кандай окуу жолдору каралган – визуалдык, аудиовизуалдык, практикалык, интерактивдүү.
- Инклюзивдүүлүк жана социалдык интеграция: Материалдар окуучуларды кабыл алуу жана урматтоону өстүрүүгө жардам берет, тексттер, тапшырмалар, окуялар жана жашоодон алынган мисалдар аркылуу ар түрдүүлүк жана теңдик илгерилетилет.

**8. Авторлорду колдоо жана окутуу**

Сынакты уюштуруучулар кол жазмаларды даярдоо боюнча бардык этаптарда авторлорго методикалык жана эксперттик колдоо көрсөтөт.

**Колдоонун форматтары:**

• **Семинарлар жана тренингдер** (онлайн жана офлайн) – кол жазмаларды даярдоонун бардык мезгили боюнча айына кеминде 2 жолу.

• **Эксперттер менен консультациялар** (суроолор боюнча) – жеке же топтук онлайн-сессиялар.

• **Методикалык материалдар** – эскертмелер, чек-листтер, мыкты практикалардын мисалдары, окуу китептеринин үлгүлөрү.

• **Координациялык жыйындар** – жумушчу топ менен ай сайын жыйындар өткөрүлүп, этаптарды макулдашуу жана кайтарым байланыш алуу.

**Сөзсүз катышуу керек:**

• Иштеп чыгуу жана жыйынтык семинарларына бардык авторлор сөзсүз катышуусу керек.

• Олуттуу себептер менен иш-чарага катышууга мүмкүнчүлүк болбой калса, уюштуруучуларга кабар берүү абзел.

**Мөөнөт жана пландар:**

- Семинарлар жана консультациялардын мөөнөтүнүн графиги бекитилген иш-планга ылайык алдын ала жарыяланат.

**9. Апелляция берүү тартиби**

Сынакка катышкан талапкер конкурстук комиссиянын баалоо жыйынтыгына макул болбогон учурда апелляция берүүгө укуктуу. Апелляция сынактын жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндө берилет. Апелляцияда талапкердин аты-жөнү, байланыш маалыматтары жана кайсы критерий боюнча даттануу берилип жатканы так көрсөтүлүшү керек.

Апелляциялар уюштуруучулар тарабынан түзүлгөн апелляциялык комиссия тарабынан 5 жумушчу күндүн ичинде каралат. Апелляциялык комиссия баалоо критерийлеринин сакталышын жана жол-жобонун туура колдонулушун гана текшерет. Кароонун жыйынтыгында баалоо жыйынтыгы өзгөртүүсүз калтырылышы же негиздүү учурларда балл кайра эсептелиши мүмкүн.

Апелляциялык комиссиянын чечими акыркы болуп саналат жана кайра даттанууга жатпайт.